акчалай сыйлык,райондук окуу болуму тарабынан берилген грамоталар жана сыйлыктар тапшырылды.

26-27-декабрда жаны жылдык ёлка өткөрүлдү . Январь айында 14.02-24.02 табигый жана так илимдеринин декадасы болуп , жыйынтыкталды .Эшенкулова Н .8-кл химия сабагынан «Галогендер» темасы боюнча сабагын откорду.Сабак жакшы уюштурулуп ,даярдалган деп табылды ,бирок окуучулардын химия боюнча билим денгээли төмөн экендиги,пандемияга карата сабактын аралыктан өтүлгөндүгү менен байланыштырылган.Медетбекова Нуржамал 7-класска география сабагынан кайталоо сабагын өттү Америка боюнча. Сабак «орто»денгээлде өтүлдү.Мугалимдин аракети жакшы ,окуучулар теманы толук өздөштүргөн эмес,карта менен иштегенди билбейт деп табылды.Математика мугалими Шейшенова Жылдыз 11-10-класстар арасында таймаш сабагын уюштурду .Сабак көрсөтмөлүү ,жаны технология,методика менен техниканы колдонуу менен кызыктуу өтүлдү. Абдырахманов Мирбек агайдын 8-класстагы математика сабагы жакшы денгээлде өткөрүлдү.Мугалим көп жылдык тажрыйбасы,сабагын мыкты денгээлде билип окуучуларга жонокой жолдор менен түшүндүрүп ,татыктуу билим берери аныкталды.Тарых сабагы боюнча Домасбекова Г.А. 6-класска «Барсбек-кыргыз каганы»деген темада ачык сабак отту.Сабак көрсөтмөлүү ,жакшы денгээлде өтүлдү.Декада учурунда ачык сабактарга кирген мугалимдер ар бир сабакты анализдеп,кенеш берилип , протокол түзүлдү Февраль айында «Илим жана техника» жумалыгы ийгиликтуу өткөрүлдү. Жумалыкта, сүрөтчүлөр , жаш техниктер жана окуучулардын проектеринин конкурсу өткөрүлдү.Бул иш-чараны өткөрүүдө физика жана химия мугалими Закирова Д.абдан жакшы уюштурду.

Конкурстун женүүчүлөрү белектер менен о.э.грамоталар менен сыйланды.

«Эне – тилим – эне сүтүм» 21-февралда иш-чара өткөрүлдү . Ар бир класста тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

19-апрелден 29-апрелге чейин гуманитардык сабактар боюнча декада өткөрүлдү.Абдурахманова Г.С.Б.Жакиевдин «Атанын тагдыры» деген темада ачык саат өттү.Сабак бышыктоо түрүндө өттү.Мугалим изденип,көрсөтмөлүү,кызыктуу кылып даярдаган ,окуучулардын билим денгээли талапка ылайык интерактивдүү жакшы сабак өтүлдү деп катышкан мугалимдер ыраазычылыгын билдиришти.Баракова Д.О. «В гостях у сказки»деген темада ачык сабак өткөрдү.Сабак кызыктуу,интерактивдүү методдор колдонулуп ,окуучулар активдүү катышышты.Баракова Д.О.10-кл.